УДК 398(575.2)

# "МАНАС" ЭПОСУ-КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН ТУУ ЧОКУСУ

***К.М.ЖУМАКАДЫРОВА***

*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада "Манас" эпосу кыргыз маданиятынын жогорку үлгүсү катары кыргыз искусствосунда изилдениши жана алган орду көрсөтүлөт. Эпостогу нукура кыргыз элинин маданияты жана баалуулуктары каралат.*

*В этой статье рассматриваются роль эпоса «Манас» как высшего образца кыргызской культуры и исследования эпоса в сфере кыргызского искусства. Также рассматривается ценность культуры кыргызского народа, описанной в эпосе.*

*This article is considering epos "Manas" as the best example of Kyrgyz culture and the research of epos in Kyrgyz art sphere. It is also showing value and culture of Kyrgyz nation.*

Кылымдарды карытып, эл оозунда сакталып келе жаткан улуу эпос-бүтүндөй кыргыз элинин турмушун ар тараптан чагылдырып көрсөтө алгандыктан, кыргыз турмушунун энциклопедиясы деп атоого толук татыктуу. Байыркы элибиздин турмуш-тиричилигинин ар түрдүү кырдаалы көрсөтүлгөн бул эпосто элдин маданий турмушу да кеңири баяндалган. Айрыкча улууларга болгон сый мамиле Манас баатырдын мыкты баатыр, хан болсо да Кошойго башын ийип, кеп-кеңешин укканы, азыраак улуу болсо да Бакайды "Бакайым-жолум баштаарым, капылеттен амал тапкан даанышманым!"- деп турганы, ал эми Каныкейдин улууларды ыйык тутуп бата алууну самап Кошойго алда качан күрөшкө түшчү жаргак шымын тигип, учуру келгенде тартуулоону ойлоп жүргөнү да өзүнчө чоң мааниге ээ. Бата алуу салты бүгүнкү күндө да өз ролун жоготпой келет.

Түш жоруу маселесинде да эпосто берилгендей улуу, көптү көргөн адамдарга түшүн айтып жорутуу азыркы учурда да кездешет. Сый-урмат мамилеси илгертеден кыргыз элинде жашаганына эпостогу маалыматтар толук далил боло алат. Азыркы тапта мына ушундай улуттук маданиятыбыздын баалуулугуна заманбап жаштар маани бербей жатканы жашырын эмес.

Белгилей кетчү нерсе, эл аралык мамиленин этикасын сактоо "Көкөтөйдүн ашы" эпизодунда таасын көрсөтүлүп берилет. Кытай-калмак тарабынан чыр чыгып кете

жаздаганда-улуулары ортого түшүп, каары келген Манасты туура кеп-кеңешин айтып токтотушат. Себеби кыргызда эч качан үйүнө, жерине келген кишини сыйлуу тамагын берип узатып, чектен чыгып жатса да өздөрүн токтотуп, акыл жүгүрткөн акылман, даанышман эл болгону талашсыз. Эпосту окуган адам сөзсүз түрдө баалуу маалыматтарды, тарбиялык саптарды учуратат. Манастын, Алмамбеттин достук мамилеси, Бакай, Кошой, Каныкейдин акылмандыгы, баамчылдыгы окурманды таасирлентпей коё албайт. Чындыгында биздин ата-бабаларыбыз өздөрүнүн башынан өткөргөн көп кылымдык тарыхында: турмуш-тиричилигинде болгон бардык тажрыйбаларын, коомдук мамилелерин, адат-салттарын, ой-санааарын көркөм сөздүн нечен түркүн элестүү үлгүлөрү аркылуу чагылдырып берген.

Укумдан-тукумга улам оозеки түрдө салт катарында калтырып отуруп, биздин заманга жеткен алардын поэтикалык чыгармачылыгынын асыл жемиштери кайра жазуу жүзүндө китеп аркылуу өздөрүнүн кийинки урпактарына түбөлүк маданий мурас болуп калууда. Эпостун сюжетине көркөм-эстетикалык касиет тартуулаган бул энциклопедиялык мүнөздөгү маалыматтар ар бир адамдын, ар бир үй-бүлөнүн, жалпы элдин күндөлүк турмушу, эртеңки тагдыры катары саналган орчун окуялардын, трагедиялык кагылыштардын негизинде элестүү чагылдырылат.

Азыркы учурда бул поэтикалык мурастардын өткөн турмушунун бардык жактарынан маалымат берүүчү, табылгыс баалуу мурас катары сакталып, басып өткөн жолун, көркөм сөз маданиятын таанытууда жана кийинки муундарды патриоттук, эстетикалык жогорку асыл идеалдарга тарбиялоонун маанилүү рухий каражатына айланууда. Айрыкча, маданияттын маанилүү тармагы болгон сөз искусствосунун өнүгүү процессинин закон ченемдүүлүгү жөнүндө туура түшүнүк алууга толук мүмкүндүк берилет. Себеби, байыркы искусствону билбей туруп, жалпы эле искусствону туура түшүнүүгө мүмкүн эмес-деп улуу сынчы В.Г.Белинский бекеринен айтпаган чыгар. Андыктан “Манас” трилогиясы- ата бабабыздын мурдатан басып келген тарыхынын бардык учурларынан, туриуш-тиричилигинин бардык жагдайларынан кабардар кылып, туура маалымат бере ала турган кайталангыс, баа жеткис көркөм чыгарма деп айтсак туура болот.

Азыркы илимдин негизги талаптарынын бири-элдик маданияттын бардык көрүнүштөрүн тарыхый өсүштө изилдөө керек. Бул боюнча атайын иликтөөлөрдү жүргүзүү зарыл. Искусство тармагында эпоско кандай көңүл бурулгандыгына кайрылып өтсөк.

Эпос-бул тарых жана поэзия. Тарых-поэзиянын даңазалай турган объекти, турмуш негизи. Поэзия болсо тарыхты чагылдыруучу курал, чебердик жана адабий форма. Поэзия сезим аркылуу, таасири аркылуу адамдын жан-дүйнөсүнө сүңгүп кирет. Мындай таасир “Манас” эпосунда да байкалып турат.

Чындыгында “Манастын” лирикалуулугу 3 жактан өнүккөн. 1.Манасчылардын жумшак кооз тили, чебер окшотуу жана бай фантазия менен окуя жана адам мүнөзүн тереңдетип ачып берүү аркылуу өнүккөн. 2. Манасчылардын көрүнүштү көркөмдөп сүрөттөөсү аркылуу өнүккөн. 3. Манасчылар манас айтып жаткан кезде толкундануу сезиминен улам мазмунунан тышкары эки-үч ооз сүйлөм түшүндүрмөлөрдү кошуп айтып, өз сезимин, толкундоолорун билдирет. Бул албетте эпостун өзгөчө көркөмдүүлүгүн арттырат.

Дүйнөлүк кызыгууну козгогон “Манас” эпосу жана анын обону жөнүндө белгилей кетсек, эки түргө бөлүп карайбыз. 1.Байыркы эпос менен бирге айтылып калган обон. 2.Эл ичинен чыккан музыканттар “Манас” сөзүнө түзгөн обон. Буга Асаналы Кыштообай, Токтогулдар “Каныкейдин арманы”,“Чоң Казат”-деген бөлүктөргө атайы күү чыгарышкан. Обонго кайрылуунун биринчи себеби эмнеде болгон деген суроо келип чыгат? Буга эпостун курулушу, ырдык түзүлүшү, ыргагы, уйкаштыгы өзүнөн өзү обонго чакырып турат.

Демек эпосту изилдөө-аны кыргыз элине жана дүйнөгө таанытууда эң бир орчундуу, негизги маселе-анын көркөмдүгүн, маңызын, дүйнө элдери менен болгон байланышын, маданий мурастарын ачууда турат. Себеби, кыргыз эли менен бирге эпосто ар кандай элдердин жетишкендиктери, дүйнөлүк маданият менен цивилизациянын таасири да баяндалат. Чындыгында бири-бирине таасир этпеген, бири-биринен үйрөнбөгөн эл жок. Буга тарыхтын өзү күбө.

“Манас” трилогиясы кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын байлыгынан жана көрөңгөсүнүн көп түрдүүлүгүнөн куралган туу чокусу. Ушундай баалуу эпосубуз искусстводо кандай орун алгандыгы жөнүндө токтоло кетсек.

Октябрь төнкөрүшүнө чейин кыргыз элинин маданий турмушунда улуттук профессионал театр болгон эмес. Бирок эл өзүнүн көп кылымдык тарыхында театр элементтерине бай, кайталангыс искусствосун жаратып келген. М., манасчылардын аткаруучулугу жалгыз актёрдун театрын элестетет. Айтуучу эпостун мазунун берүүдө ар бир каармандын образына жараша түрүн өзгөртүп, аны түркүн мимика-жесттер менен коштоп, ар кандай кыймыл-аракеттер менен көптөгөн каармандардын мамиле, карым-катнаштарын, конфликттерин, окуялардын жүрүштөрүн, кейипкерлердин портреттерин бере алган. Демек, элдин турмушунда театр өнөрү жок болгон менен калктын аң-сезиминде тетрлык көрүнүштөр жашап келген.

Октябрь революциясынан кийин 30-жылдардан баштап “Манас” үч илтиги боюнча драма, опера либреттолору жазылып, сахнага алып чыгуу аракеттери жүргөн. Алардын алгачкысы “Айчүрөк” (1938) операсы. Либреттосун К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, музыкасын В.Власов, А.Малдыбаев, В.Фере жазган. Бул эпикалык-лирикалык опера адегенде

1939-жылы кыргыз-музыкалык-драма театрында коюлган. Ошол эле жылы Москвада өткөрүлгөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасында коюлуп, көрүүчүлөр тарабынан жогору бааланат. Опера жаралгандан баштап 1989-жылга чейин, б.а. анын 50-жылдык юбилейине чейин сахнага 650 жолу коюлган. Мындан сырткары К.Маликов, А.Токомбаев либреттосун иштеп чыккан.

"Манас" операсы 1946-жылы кыргыз мамлекеттик драма театрында коюлган. 1945-жылы Өзгөн театрында К.Маликовдун "Сейтек", Т.Сыдыкбеков, К.Рахматуллиндин "Манас менен Алмамбет" драмалары сахнага чыккан. 1982-жылы Жалил Садыковдун "Манастын уулу Семетей" драмасы калкка тартууланды. Бул спектакль элге тез алынып, бүгүнкү күнгө чейин сахнага алып чыгып жүрүшөт. Спектаклди мыкты аткарып элге жеткиргендиктери үчүн 1987-жылы Ж.Садыков, Ж.Абдыкадыров, Д.Күйүкова, С.Жаманов, С.Далбаев, Ж.Сейдакматова, К.Досумбаевдер Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болушкан. Кийин Ж.Садыков "Сейтек", "Айкөл Манас" драмаларын жазып чыгып, булар да сахнада ийгиликтүү коюлган. Ал эми "Шаршен" атындагы Чүй драма театры С. Темиралиевдин "Манастын өкүнүчү" деген драмасын сахнага кийинки убактарда эле алып чыккан. Демек эпос театр өнөрү үчүн да түгөнгүс булак болуп келе жатат.

Ал эми мурда мусулман дини реалдуу дүйнөнү анын ичинде адамда сүрөткө тартууга жол бербегендигине байланыштуу сүрөт өнөрү кыргыз элинин турмушунда анча өнүккөн эмес. Бирок, эпосто сүрөт өнөрү кыргыз элинин турмушунда жашап келгендигинен кабар берген эпизод бар экенин күбөлөйт. Баатырлар каза болгондо Манастын күмбөзүнө Каныкей, анын жасаган иштерин жана чоролорунун жана душмандарынын бейнелерин тарттыргандыгын "Каныкейдин жомогунда" баяндап берет.

Сүрөт өнөрүндө эпостун сюжетине кайрылууга алгач орус география коомунун экспедициясы менен бирге келип, Кыргызстанда иштеп кеткен В.Смирновдун чыгармачылыгына таандык. Ал 1903-жылы Кенжекара деген манасчыдан эпостун үзүндүсүн жазып алып, Семетей менен Айчүрөктүн Үргөнч жолундагы жолугушуусун иллюстрациялаган жана Кенже Каранын портретин тарткан.

Октябрь революциясынан кийин эпостун сюжетине Ян Штоффер, О.Мануйлова, В.Фаворский, А.Михалёв, С.Петров деген сүрөтчү, графикачы, гравюрачылар кайрылышып, эмгек сиңиришкен. 50-жылдардан кийин гана сүрөт өнөрүндө улуттук сүрөтчүлөр пайда болушкан. Мында немец өкүлү, Таласта төрөлгөн Теодор Теодорович Герцендин эмгегин өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө негиз бар. Ал манасчы С.Орозбаковдун варинтынын негизинде жарык көргөн "Манас" үч илтигинин төрт томдугуна графикалык сүрөттөрдүн монумент циклдерин түзгөн.

1968-жылы жарык көргөн “Баатырлар жана айымдар” китебин, С.Каралаевдин “Тулпарлар”китебин кыргыз элинин таланттуу сүрөтчүсү Белек Жумабаев көркөмдөгөн. Ал биринчи жолу анык улуттук колоритте Манас, Каныкей, Бакай, Сейтек, Айчүрөк өңдүү каармандардын Аккула, Сарала, Тайтору, Алгара, Суркоён өңдүү тулпарлардын кайталангыс көркөмдүктөгү галареясын түзгөн. Эпоско жана манасчыларга Сүймөнкул Чокморов, Гапар Айтиевдер да кайрылышып, мыкты картина, сүрөттөрдү жаратышкан. Таалайбек Курманов да өз кезегинде манасчы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча жарык көргөн “Манас” үч илтигинин беш томдугуна боёк менен иштеген, ар түрдүү композициядагы сүрөттөрдүн галареясын жараткан.

Архитектура-скульптура өнөрүндө эпостун чагылдырылышы бул тармак боюнча айкел өнөрүндө белгилүү Т.Садыков 70-жылдардан тартып Манастын образын монументтүү формада архитектура-скульптурада жаратуу үчүн көп изденүүгө туура келди. Ошентип 1981-жылы “Манас” архитектуралык-скульптуралык ансамблин Т.Садыков А.Печенкин экөө жараткандыгын өзү белгилеп жүрөт. Ал Бишкектеги Т.Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдындагы аянтка уюшулган. Андагы эпостук каармандардын (Манас, Каныкей, Бакай) бет маңдайына атактуу манасчылар Сагымбай. Саякпай, Тыныбек, Найманбайлардын бюсттары орнотулган. Ушул эле ансамблдин кичирээк көчүрмөсү Баткен областынын аймагына да коюлган. Булардан тышкары Ольга Мануйлованын гипстен жана металлдан жасалган тегерек барельефтердин “Иллюстрациялар” сериясын түзгөн. “Манас ажыдаарды багындырууда”, “Бала Манас салбырында”, “Сыргак менен Чынкожо”, “Атчан чоролор”деген ж.б. барельефтери-кыргыз архитектурасынын жакшы ийгиликтеринин күбөсү.

Таластагы “Манастын күмбөзү” да кийинки кездерде улам жаңыланып, жаңы курулуштар кошулуп, өзүнчө архитектуралык комплекске айланды. Эпостун 1000жылдык юбилейине карата Бишкек шаарынын түштүк тарабында 1995-жылы “Манас айылы” маданий-этнографиялык курулушу жаратылды. Бул этнографиялык-маданий очок “Манастын кароолу”, “Манастын ордосу”, “Кырк чоро” деген сыяктуу бөлүмдөрдөн турат жана байыркы кыргыз каада-салтын, үрп-адатын, кол өнөрчүлүгүн чагылдырган маданий эс алуу жайына айланууда. Ошондой эле музыка жаатында кыргыз элинин улуу эпосунун дагы бир өзгөчөлүгү анын жалпы турпатында, музыкалык ыргактын бай экендигинде турат. Анын башка эпостордон айырмаланып турган өзгөчөлүгү - ырды үн созуп айтууга, ички сезим менен эмоциялуу кылып, мимика, жесттерди пайдаланып айтууга ылайыкташкандыгы. Эпоско таандык бул өзгөчөлүктүн көркөмдүк таасири менен манасчынын аткаруучулук жөндөмүнө, музыкалык талантына байланыштуу болот. Бизге жеткен маалыматтар боюнча

манасчылар Саякпай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, Молдобасан Мусулманкулов жана башкалардын аткаруулары бири-бирине окшобогон обон-ыргактар менен угуучуларга күчтүү таасир калтырып келүүдө. Азыркы манасчылар Каба Атабек уулу, Шаабай Азиз уулдарынын аткаруучуларындагы варианттар да өзүнчө речитативдерге бай.

Ошондой эле музыка өнөрүнүн бардык тармактары үчүн да эпос адабияттык-музыкалык башат болуп келе жатат. Композиторлор В.Власов, А.Малдыбаев, В.Ферелер “Айчүрөк”, “Манас” операларына музыка жазышкан. Ал эми Жалил Садыковдун баатырдык үч драмасына композиторлор Калый Молдобасанов атайын музыкалык сюиталардын топтомун жазып берди. “Алмамбет менен Манас” спектаклине М.Раухвергер, “Улуу эпос” аттуу даректүү фильмге Т.Эрматов Ош театрында коюлган Ж.Садыковдун “Манастын уулу Семетей” драмасына М.Бегалиев атайын музыкаларды жазышкан.

Кыргыз музыкасында эпостун көркөм текстинин ар кайсы эпизоддоруна күү-обондорду чыгаруу да салт болуп келген. Ага “Алмамбеттин арманы”, “Алмамбеттин жомогу”, “Семетей күү”, “Каныкейдин арманы”, “Жол талаш” аттуу ж.б. күүлөрү далил боло алат. Ошондой эле В.Власовдун “Кыргыз увертюрасы”, В.Ференин “Кыргызстан” симфониясы, Э.Жумабаевдин “Эпикалык симфониясы”, М.Бегалиевдин “Манас” симфониясы, В.Глуховдун “Бабам Манас жөнүндө баллада” аттуу хор үчүн поэмасы, К.Молдобасановдун “Манастын ордосунда” симфониялык сүрөттөмөсү жана башка классикалык жана элдик күү-обондор, музыкалар улуттук музыка маданияты үчүн соолбос булак болуп эсептелет. Ошентип эпос музыка өнөрүндө да кайрадан жашап жаткандыгына жогоруда айтылгандар күбө.

Эпостун негизинде кыргыз кино өнөрүндө бүгүнкү күнгө чейин бир топ даректүү жана көркөм тасмалар жаралган. Ошондой эле кыргыз кино өнөрүнүн тарыхында алгач “Манастын уулу Семетей” деген көркөм фильмди жаратууга аракет жасалган. Бул фильмдин режиссёрлору Г.Раппопорт жана А.Куттубаев болгон. Бир катар объективдүү себептерге байланыштуу фильм аягына жеткире тартыла албай калган.

1962-жылы “улуу эпос” деген документалдуу тасма тартылган. Бул фильмдин сценарийин белгилүү жазуучу М.Байжиев жазып, режиссёру Лилия Турусбекова болгон. Булардан башка да Б.Шамшиевдин “Манасчы” аттуу даректүү фильми манасчы Саякпай Каралаевдин чыгармачылыгына арналган. Ушул эле теманы режиссёр М.Убукеев 1962-жылдан бери иштеп, үч бөлүктөн турган “Саякпай Каралаев” аттуу тасмасында жана 1988-жылы тартылган жети бөлүктөн турган “улуу манасчы” аттуу даректүү фильминде улантты.

Кыргыз кино ишмерлери көркөм фильм жаратууда да “Манас” эпосуна кайрылышып, аны чыгармачылык менен пайдаланышууда. Ч.Айтматовдун белгилүү

повестинин негизинде тартылган Т.Океевдин “Кызыл алма” (1975), М.Байжиевдин сценарийинин негизинде тартылган “Ак илбирстин тукуму” (1983) кино тасмаларында эпостон үзүндүлөр көркөм фильмдерге киргизилип, кошумча драматургиялык материалдар катары пайдаланылган.

Кинорежиссёр Б.Карагулов да өзүнүн алгачкы дебюту болгон “Айдагы жезкемпир” кино-тасмасында эпостон үзүндүлөрдү колдонот. Бул фильм 1985-жылы коюлган. Ал эми режиссёр Р.Байтемировдун 1980-жылы тартылган “Жаш манасчылар” фильминде улам кийинки урпактардын манасчылык өнөргө кайрылуу салттарынын уланып жатышы жөнүндө сөз болот. Белгилей кетчү нерсе “Манас” эпосунун 1000 жылдыгына карата Таласта өткөрүлгөн маарекеге карата тартылган “Манастын өмүрү” кинопонарамасы кыргыз киносундагы “Манас” эпосунун дагы бир ийгилиги деп эсептесек болот.

**Адабияттар**


1. Абрамзон С. Кириш сөз. Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар, 2 том. – Бишкек, 1991.–31-33 бб.
2. Мамытбеков З.. Абдылдаев Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Ф., 1966. – 110 б.
3. «Манас» энциклопедиясы. 1-том. – Б., 1995. - 440 б.
4. «Манас» энциклопедиясы. 2-том. – Б., 1995. - 432 б.
5. Улуу манасчы Сагымбай. – Бишкек,1992. – 84 - 87 бб.
6. Кыдырбаева Р. Сказительное мастерство манасчи. - Ф.: Илим, 1984. – 48-50 бб.
7. Манасчылар-кыргыз элинин руханий инсандары (С.Орозбаков 125 ж.) Түз: Б.Садыков. – Б., 1993. – 28-29 бб.
8. Иманалиев К. Саякбай (Гений жөнүндө баллада). Б.: Бийиктик, 2010. - 296 б.